*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2026, №2, бб. 100-106
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.2.12
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(575.2):305-055.2

# Советтик Кыргызстандагы гендердик саясаттын эволюциясы: тарыхый талдоо

**Кушбакова Айназик Кубанычовна**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан,* nazikkushbakowa@gmail.com

**Аннотация**

Макалада советтик бийлик мезгилиндеги (1917-1991-жж.) Кыргызстандагы гендердик саясаттын калыптанышы жана өнүгүү этаптары комплекстүү каралат. Автор тарыхый булактарга таянуу менен аялдардын коомдук статусунун өзгөрүшүн, Орто Азиядагы «Хужум» өнөктүгүнүн кыргыз коомуна тийгизген таасирин жана аялдардын боштондукка чыгуу процессин талдайт. Мындан тышкары, согуш жана согуштан кийинки калыбына келтирүү жылдарындагы аялдардын социалдык-экономикалык ролу, алардын өндүрүштөгү жана маданияттагы орду тарыхый фактылар менен далилденет. Советтик гендердик моделдин маанилүү жетишкендиктери катары жалпы билим берүү жана саясий катышуу деңгээлинин өсүшү белгиленет. Ошону менен бирге, изилдөөдө аялдардын турмушундагы «кош жүктөм» феномени сыяктуу карама-каршылыктуу маселелерге илимий баа берилет. Изилдөөнүн жыйынтыгында советтик тажрыйбанын бүгүнкү күндөгү гендердик теңчиликти камсыздоодогу мааниси тууралуу корутундулар чыгарылат.

**Ачкыч сөздөр:** Кыргызстан, советтик доор, гендердик саясат, эмансипация, «Хужум», Женотдел, аялдардын билим алуусу, саясий квоталар

**Шилтеме үчүн:** Кушбакова А.К. (2026). Советтик Кыргызстандагы гендердик саясаттын эволюциясы: тарыхый талдоо. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №2, бб. 100-106. doi: 10.65469/eijournal.2026.2.12

## Киришүү

Кыргызстандын XX кылымдагы тарыхы гендердик мамилелердин түп-тамырынан бери өзгөрүшү менен мүнөздөлөт. Совет бийлигинин орношу менен аялдардын коомдогу ордун модернизациялоо мамлекеттик идеологиянын борбордук багыттарынын бирине айланган. Бул процесс жөн гана укуктук теңчиликти орнотуу эмес, кылымдар бою калыптанган патриархалдык-уруулук тартиптерди жана диний нормаларды бузуп, аялды «жаңы советтик коомдун» активдүү куруучусуна айландырууну көздөгөн [9].

**Негизги бөлүк.** Советтик гендердик саясаттын алгачкы кадамы – аялдарды үй-бүлөлүк жана коомдук кулчулуктан куткаруу боюнча укуктук базаны түзүү болгон. 1921-жылдын 14-июнундагы «Калынды жоюу жөнүндө» декрет жана 1924-жылдагы РСФСРдин Кылмыш-жаза кодексинин негизинде киргизилген «турмуш-тиричилик кылмыштары» (көп аял алуу, жаш

© The Author(s) 2026.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

балдарды никеге тургузуу) үчүн жоопкерчилик кыргыз аялдарынын тагдырындагы революциялык бурулуш эле [8, 48-б.].

Бирок, мыйзамдык актылар гана жетишсиз болгондуктан, 1920-жылдардын ортосунда Партиянын Борбордук Комитетине караштуу Аялдар бөлүмдөрү (Женотделдер) түзүлгөн. Алардын ишинин эң курч фазасы – «Хужум» (Чабуул) өнөктүгү (1927-ж.) болду. Кыргызстандын түштүгүндө аялдардын паранжасын чечүү жана өрттөө акциялары социалдык тирешүүнүн эң жогорку чекитине жеткен. Архивдик документтерде бул мезгилде паранжасын чечкен же Женотделге мүчө болгон жүздөгөн кыргыз аялдарынын киши колдуу болгону катталган. Мисалы, 1928-жылы 18 жашында Ноокат районунда айылдык кеңештин төрайымы болуп шайланган Уркуя Салиеванын тагдыры – бул жаңы система менен эскичил коомдун ортосундагы кандуу тирешүүнүн символуна айланган [5, 72-б.].

Бул учурда мамлекеттик  аялдар саясатынын дагы бир маанилүү куралы – «Кызыл боз үйлөр» (Красные юрты) болгон. Бул мобилдик борборлор алыскы жайлоолорго чейин барып, аялдардын сабатсыздыгын жоюп, аларга гигиеналык жана укуктук билим беришкен. 1925-жылы Кыргызстанда 30дан ашуун ушундай боз үйлөр иштеп, алар миңдеген аялдарды коомдук ишке тартууга үлгүргөн. Бул аракеттердин натыйжасында, 1930-жылдарда кыргыз аялдары коомдук-саясий иштерге, өндүрүшкө жана билим берүү тармагына тыгыз аралаша баштаган. 1937-жылдагы СССР Жогорку Советине Кыргыз ССРинен шайланган депуттардын арасында 7 аял-депуттын болушу муну айкындап турат [3, 28-б.].

1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы Кыргызстандагы гендердик саясаттын прагматикалык багытын кескин күчөттү. Эркектердин массалык түрдө фронтко кетиши тылдагы бардык оорчулукту аялдардын ийинине жүктөдү. Бул мезгилде советтик идеология «аял – эркектин ордун толук басуучу күч» деген жаңы концепцияны алдыга чыгарган. Эгерде 1930-жылдары аялдардын өндүрүшкө катышуусу социалдык тандоо катары каралса, согуш жылдарында бул мамлекеттин жашап кетишинин негизги шартына айланган.

Согуш жылдарында Кыргызстандын айыл чарбасында эмгектенгендерди 75-80%ын аялдар түзгөн. Бул мезгилде Зууракан Кайназарованын ысымы бүтүндөй Союзга таанылган. Ал кант кызылчасынан рекорддук түшүм алуу менен бирге, аялдардан турган эмгек бригадаларын уюштуруунун жаңы методун иштеп чыккан [3, 147-б.]. 1941-жылдын июль айынын ортосуна карата республикадагы кыска мөөнөттүү трактористтер курстарында 2695 аял жана кыздар тартылган. Ал эми 1941-жылдын күзүндө республиканын МТС жана совхоздорунда 3193 тракторист жана 616 комбайнер аялдар иштеп калышкан [3, 114-б.]. Бул сандык көрсөткүчтөр гендердик ролдордун салттуу бөлүштүрүлүшүн биротоло талкалаган десек болот.

Фронттогу каармандык да четте калган эмес. Кыргызстандан кеткен миңдеген кыздардын арасынан Советтер Союзунун Баатыры Евдокия Пасько 800дөн ашык согуштук учуш жасап, аялдардын аскердик потенциалын далилдеген. Анын аскердик күжүрмөн эсебинде – 167 күчтүү жарылуу, 109 өрт очогу, 4 күйүүчү май склады, 2 ок-дары склады болгон. 1944-жылы 26-октябрда Евдокия Борисовна Паського Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылып, Ленин ордени жана Алтын Жылдыз медалы тапшырылган [1, 393-б.]. Ошондой эле, Ленинграддан эвакуацияланган 150 баланы багып алган Токтогон Алтыбасарованын энелик каармандыгы советтик гендердик саясаттын гуманисттик багытынын символу болуп калды.

Согуштан кийинки (1946–1950-жж.) калыбына келтирүү мезгилинде аялдардын чарбалык жетекчиликке келиши жаңы деңгээлге көтөрүлдү. Аял жетекчилердин бул толкуну аялды бир гана «жумушчу» эмес, «эффективдүү менеджер» катары калыптандырган. Мамлекеттик деңгээлде 1940-жылдардын аягында аялдарга берилген Социалистик Эмгектин Баатыры наамдарынын саны кескин өскөн, бул аялдардын эмгегинин экономикалык эффективдүүлүгүнүн юридикалык таанылышы эле [7, 156-б.].

Бирок, бул ийгиликтердин артында оор социалдык баа турган. Согуштан кайтпай калган эркектердин ордун толтуруу үчүн аялдар өндүрүштө да, үйдө да (бала тарбиялоодо) жалгыз жоопкерчилик тартышкан. Дал ушул жылдары советтик аялдын «баатырдык» образы калыптанып, ал аялдын жеке муктаждыктарын мамлекеттик кызыкчылыкка курмандыкка чалуусун мыйзам ченемдүү көрүнүш катары бекиткен.

Бул жылдары Социалистик Эмгектин Баатыры Өлмөсхан Атабекова сыяктуу жетекчилер суурулуп чыккан. Ал Базар-Коргон районундагы «Фрунзе» колхозун жетектеп, артта калган чарбаны алдыңкы катарга кошкон. КПССтин эки съездинин делегаты, СССР Жогорку Советинин жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин беш жолу шайланган депутаты, колхозчулардын Бүткүл союздук советинин мүчөсү болгон бул инсандын басып өткөн жолу кыргыз аялына совет бийлиги берген мүмкүнчүлүктөрдүн эң айкын мисалы. [1, 167-б.].

1960-жылдардан баштап советтик Кыргызстандагы гендердик саясат сапаттык жаңы баскычка көтөрүлгөн. Эгерде мурунку этаптарда негизги максат аялдардын сабатсыздыгын жоюу жана аларды кара жумушка тартуу болсо, бул мезгилде басым аялдардын жогорку профессионалдык билим алуусуна жана илимий-техникалык интеллигенциянын катарына кошулушуна жасалган. Бул он жылдыктар кыргыз аялынын социалдык бейнесин «айылдык эмгекчиден» – «шаардык интеллигентке», «окумуштууга» жана «мамлекеттик ишмерге» трансформациялаган.

Бул интеллектуалдык секириктин негизги механизми катары атайын билим берүү квоталарын жана тармактык институттардын өнүгүшүн айтса болот. 1950-жылдардын башында ачылган Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту (азыркы И. Арабаев атындагы КМУ) миңдеген кыргыз кыздары үчүн профессионалдык дүйнөгө жол ачкан негизги «социалдык лифт» кызматын аткарган. 1970-жылга карата республиканын жогорку окуу жайларында окуган студенттердин 48%ын аялдар түзгөн. Бул көрсөткүч медицина жана педагогика тармактарында 70%дан ашкан.

Бул мезгилде Күлүйпа Кондучалованын феномени өзгөчө орунда турат. Ал 1958-жылдан 1980-жылга чейин Кыргыз ССРинин Маданият министри болуп иштеп, кыргыз искусствосунун «алтын доорун» түзгөн. Анын жетекчилиги астында Бүбүсара Бейшеналиева, Сайра Кийизбаева, Таттыбүбү Турсунбаева сыяктуу залкар таланттар кыргыз аялынын эстетикалык жана интеллектуалдык бийиктигин дүйнөгө таанытышкан [4, 168-б.].

Саясий башкаруу чөйрөсүндө советтик гендердик саясат катуу регламенттелген квота системасына таянган. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинде аял депутаттардын үлүшү туруктуу түрдө 30-35% деңгээлинде сакталып келген. Аялдардын саясий катышуусу жергиликтүү кеңештерде (айылдык, райондук) 40%га чейин жеткен, бул коомдун аң-сезиминде аялдын жетекчи болушун кадимки социалдык норма катары бекиткен. Ушундай механизм аркылуу Сакин Бегматова, Жамал Ташибекова, Жаңыл Түмөнбаева сыяктуу күчтүү

саясий лидерлер калыптанган. Сакин Бегматова Министрлер Советинин Төрагасынын орун басары жана Тышкы иштер министри катары 20 жылдан ашык иштеп, республиканын социалдык жана эл аралык саясатын калыптандырууда зор салмакка ээ болгон [2, 6-15-бб.].

Илим тармагында да кыргыз аялдары татаал дисциплиналарды өздөштүрүшкөн. 1970-жылдарга карата республикада аял-окумуштуулардын саны 3 миңден ашкан. Илимий даражага ээ болуу аял үчүн коомдук статустун эң жогорку формасы болуп калган. Алардын катарына Кулипа Токтомамбетова, Какиш Рыскулова, Нурпаша Абдуазизова, Рафа Айдарбекова, Розалия Жээнчороева, Жамал Татыбекова, Мира Шайкеева, Какен Мамбеталиева, Евгения Лущихина сыяктуу окумуштуулар өздөрүнүн илимий изилдөөлөрү менен белгилүү болушту.

Мисалы, доцент, экономика илимдеринин кандидаты Кулипа Токтомамбетова – 1948-55-жж. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин аялдар иштери боюнча катчысы болуп иштеген. «Кыргызстан аялдары» журналынын биринчи саны 1951-жылы анын редакторлугу менен жарык көргөн. Ал 1954-63-жылдарда В. Маяковский атындагы Фрунзе кыз-келиндер институтунун ректору болуп иштеген. Советтик аялдар комитетинин, ошондой эле Азия жана Африка өлкөлөрүндөгү аялдар кыймылы маселелери боюнча аялдардын Демократиялык Федерациясынын туруктуу комиссиянын мүчөсү болгон. Кыргыз ССР Жогорку Советине үч жолу, СССР Жогорку Советине 1 жолу депутат болуп шайланган. [1, 406-б.].

Бирок, мындай жетишкендиктердин экинчи тарабындагы маселелер курч турган. Мамлекет аялды коомдук ишке активдүү тартканы менен, үй-бүлөдөгү салттуу түйшүктөрдү эркектер менен тең бөлүштүрүү маданиятын түзө алган эмес. Аял бир эле учурда алдыңкы кызматкер, окумуштуу жана үй-бүлөнүн тиреги болууга тийиш болгон, бул абал аялдардын психологиялык жана физикалык ресурстарын максималдуу пайдаланууну талап кылган [7, 210-б.].

1980-жылдардын экинчи жарымындагы «Кайра куруу» (Перестройка) мезгили гендердик саясаттагы кризистик көрүнүштөрдү ачыкка чыгарды. Демократиялык шайлоо системасына өтүү жана катуу партиялык квоталардын жоюлушу менен аялдардын саясий бийликтен кескин сүрүлүп чыгышы байкалган. Бул кубулуш советтик эмансипациянын көп жагынан жасалма, жогорудан буйруктук негизде ишке ашканын, ал эми коомдун терең катмарларында патриархалдык стереотиптер сакталып калганын көрсөттү. Ошого карабастан, советтик жетимиш жылдык тажрыйба кыргыз аялына билимдин, экономикалык эркиндиктин жана өзүн-өзү таануунун бекем пайдубалын берди.

1980-жылдарда бир катар жаңы форматтагы аял лидерлердин калыптанышы дал ошол советтик профессионалдык мектептин жемиши болгон. Мисалы, болочоктогу көрүнүктүү кыргыз саясатчысы Роза Отунбаева 1980-жылы партиялык ишке: Фрунзе шаарындагы партиянын Ленин райондук комитетинин экинчи секретарлыгына, көп узабай партиянын борбордук шаардык комитетинин секретарлыгына көтөрүлдү. Ал эми 1986-жылы Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасынын орун басарлыгына жана республиканын тышкы иштер министрлигине дайындалган [1, 110-б.].

**Корутунду.** Кыргызстандагы советтик гендердик саясатка тарыхый талдоо жүргүзүү менен, биз бул процесстин эки тараптуулугун көрөбүз. Бир жагынан, мамлекеттик

модернизация аялды кулчулуктан жана сабатсыздыктан чыгарып, аны илимдин, маданияттын жана башкаруунун активдүү субъектисине айлантты. Экинчи жагынан, бул процесс идеологиялык калыптарга салынган жана аялдын ийинине оор социалдык жүк жүктөлгөн. Бирок, кандай болгон күндө да, советтик мезгилде калыптанган билимдүү жана коомдук активдүү аялдардын катмары бүгүнкү эгемен Кыргызстандын эң башкы интеллектуалдык жана моралдык капиталы бойдон калууда.

**Пайдаланылган адабияттар жана булактар**


1. Бектурганова К.А. Кыргызстандын асыл кыздары. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006. – 416 б.
2. Болжурова И.С. С. Б. Бегматова – жизнь, отданную народу // Информационно-аналитический журнал. – 2014. – №4 (04). – С. 6-15.
3. Керимбаев С.К. Советский Киргизстан в Великой Отечественной войне 1941–1945 гг. – Фрунзе: Илим, 1985. – 315 с.
4. Личность Кыргызстана: Легендарная жизнь сильной женщины Кулийпы Кондучаловой // Limon.kg: [Электрондук ресурс]. – URL: https://limon.kg/ru/news:68415 (дата обращения: 11.05.2024).
5. Максытова Н. Уркуя Салиева жөнүндө фактылар // Sputnik Kyrgyzstan: [Электрондук ресурс]. – URL: https://sputnik.kg/20170408/urkuya-salieva-tuuraluu-15-fakty (дата обращения: 11.05.2024).
6. Сборник документов по истории советского законодательства в Киргизии (1917–1924 гг.). – Фрунзе: Кыргызстан, 1974. – 240 с.
7. Татыбекова Ж.С. Женщины Советского Киргизстана в борьбе за социализм и коммунизм. – Фрунзе: Илим, 1982. – 250 с.
8. Татыбекова Ж.С. Раскрепощение женщины-киргизки Великой Октябрьской социалистической революцией (1917–1936 гг.). – Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1963. – 158 с.
9. Ашимов А.Ж. (2026). 1930-жылдардагы Кыргызстанда кулактарды тап катары жоюу саясатынын ишке ашырылышы жана өзгөчөлүктөрү. Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, №1, бб. 81-89. doi: 10.65469/eijournal.2026.1.10

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2026, №2, сс. 100-106
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.2.12
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(575.2):305-055.2

# Эволюция гендерной политики в советском Кыргызстане: исторический анализ

**Кушбакова Айназик Кубанычовна**
*магистрант, Ошский государственный университети, Кыргызстан, nazikushbakowa@gmail.com*

**Аннотация**

В статье комплексно рассматриваются этапы формирования и развития гендерной политики в Кыргызстане в советский период (1917–1991 гг.). Опираясь на исторические источники, автор анализирует изменение общественного статуса женщин, влияние кампании «Худжум» в Центральной Азии и процессы эмансипации кыргызских женщин. Особое внимание уделяется социально-экономической роли женщин в годы войны и послевоенного восстановления, их вкладу в производство и культуру. В качестве ключевых достижений советской гендерной модели выделяются ликвидация неграмотности и рост политического участия. Одновременно в исследовании дается научная оценка противоречивым аспектам, таким как феномен «двойной нагрузки». В заключении делаются выводы о значении советского опыта для обеспечения современного гендерного равенства.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, советский период, гендерная политика, эмансипация, «Худжум», Женотдел, образование женщин, политические квоты

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2026, no. 2, pp. 100-106
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.2.12
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(575.2):305-055.2

# The Evolution of Gender Policy in Soviet Kyrgyzstan: A Historical Analysis

**Ainazik Kubanychbekovna Kushbakova**
*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan*, nazikushbakowa@gmail.com

**Abstract**

The article provides a comprehensive examination of the formation and development stages of gender policy in Kyrgyzstan during the Soviet period (1917–1991). Drawing on historical sources, the author analyzes the changes in women's social status, the impact of the "Hujum" campaign in Central Asia, and the processes of women's emancipation. Furthermore, the socio-economic role of women during the war and post-war reconstruction years, including their contribution to industry and culture, is analyzed based on historical facts. The eradication of illiteracy and increased political participation are highlighted as key achievements of the Soviet gender model. Simultaneously, the study provides a scientific evaluation of contradictory issues, such as the "double burden" phenomenon. The article concludes by assessing the significance of the Soviet experience for modern gender equality.

**Keywords:** Kyrgyzstan, Soviet period, gender policy, emancipation, "Hujum", Zhenotdel, women's education, political quotas